Сугалак чычкан

Автор: Херминдер Охри

Которгон жана адаптациялаган: Насыпбек Асанбаев

Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

Сугалак чычкан

Автор: Херминдер Охри
Которгон жана адаптациялаган: Насыпбек Асанбаев
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Сугалак чычкан" (кыргыз тилинде), Насыпбек Асанбаев тарабынан которулуп адаптацияланган, сүрөттөрдү адаптациялаган Ильяз Абдыжапаров. The greedy mouse (англисче) чыгарманын негизинде, автор жана иллюстратор Herminder Ohri, Pratham Books © 2006 CC-BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/14406-the-greedy-mouse

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Бир күнү чычкан өтө чоң токоч таап алды.

– Бул токочту үйгө алып кетейин, - деп ойлоду.



Анан токочту артынан түртө баштады. Токоч кыймылдаган жок.

Токочту алдынан түртүп көрдү. Жылдыра албай койду.



Оң жагынан түртүп көрдү, жылган жок.



Токочту тегерене чуркап, сол жагынан түртүп көрдү, дагы эле жылган жок.

Ммм... Токочту жип менен байлап сүйрөп кетиш керек экен, – деп ойлоду Чычкан.

Үйүнө чуркап барып, жип алып келди. Бирок жип аябай кыска болуп калды.

Кайра чуркап барып, узун жип алып келди. Аны менен токочту байлап тарта баштады. Токочту дагы деле ордунан жылдыра албай койду.



Айласы кеткенде чычкан отуруп алып токочтон бир үзүм оозуна салды. Аябай даамдуу экен!

Дагы бир үзүм жеди.

Анан дагы бир үзүм, дагы бир үзүм... Токоч кичирейгенден кичирейе берди. Эми ал калган токочту ийинин көздөй түртту. Токоч ийинге батып кетти. Чычкан аябай сүйүндү. Эми токочту эч ким таба албайт!

Токочту ушунчалык көп жеп алгандыктан, анын курсагы аябай... аябай... тарсайып чыгыптыр.

Чычкан үйүнө кирем деп канчалык аракет кылса да, таптакыр кире албай койду.

Айласы кетти. Аз эле жебей… Эмне үчүн мынча көп жеп алдым экен? Андан көрө бирөө менен бөлүшсөм болмок!

Чычкан курсагын көтөрө албай онтоп жатты.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Херминдер Охри
Которгон жана адаптациялаган:
Насыпбек Асанбаев
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- **1.3 деңгээли**

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли